КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

А.МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

КАРАЛДЫ
Ош МПУнун Окуу-усулдук кеңеши
01.07.2022-жыл, №4 кеңешме
Ош МПУнун ОУКтун төрагасы,
б.и.к.,проф. Раимбеков К.Т._____

БЕКИТИЛДИ
Ош МПУнун Окумуштуулар кеңешинин
№ 8 протоколу 01.07.2022-жыл
Ош МПУнун Ректорунун милдетин
аткаруучу, проф._____

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүү боюнча студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө Жобо

Ош – 2022

Ош МПУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2018-жылдын 24-октябрындагы №1-жыйынында кабыл алынган жана Ош МПУнун ректорунун 2018-жылдын 24-октябрындагы №5/3-буйругу менен бекитилген.

Жободо жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүү боюнча студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби келтирилген.

Жобо студенттер, профессордук-окутуучулук курам, кафедра башчылары, факультеттердин деканлары жана структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери үчүн сунушталат.

1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө Жобосунун негизинде иштелип чыкты.

2. Бул Жобо А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде (мындан ары – Ош МПУ) студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүү процесстеринде жетекчилике алынат.

2. Студенттерди бир жогорку окуу жайдан башкасына которуунун тартиби

3. Мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар жогорку окуу жайлардын студенттерин которуу жайкы же кышкы каникул маалында студентти кызыктырган адистик/багыт боюнча тийиштүү курста ваканттык орундар болсо окутууга кеткен чыгымдарды толугу менен компенсациялоонун келишимдик негизинде ишке ашат.

4. Студент которулуп жаткан курска жана окутуунун формасына, негизги билим берүү программасынын түрүнө байланыштуу чектоолорду жогорку окуу жайы (ЖОЖ) белгилебейт.

5. Студентгин мамлекеттик бюджеттин эсебинен билим алуусунун жалпы узактыгы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн кабыл алуучу ЖОЖдун окуу планында белгиленген мөөнөтүнөн ашпоосу керек.

6. Аккредитацияланбаган (аттестацияланбаган) жогорку окуу жайларда билим алган жарандарды аккредитацияланган ЖОЖго окутуунун каалаган формасына которуу экстернат формасындагы аттестациялоо укуктары ишке ашканда жүргүзүлөт, экстернат формасында окутуу жол берилбеген жогорку кесиптик билим берүүнүн адистиктери/багыттары буга кирбейт.

7. Билим берүү уюму кайрадан түзүлүп же жоюлган учурунда студенттерди которуу Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги менен бирдикте, карамагына ЖОЖ кирген уюштуруучу тарабынан камсыздалат.

8. Окутуунун биринчи жана акыркы курстарында студенттерди которуу жүргүзүлбөйт.

9. Акы төлөө негизинде окуп жаткан студенттерди мамлекеттик бюджеттин (гранттар боюнча) эсебиндеги орундарга которуу жүргүзүлбөйт.

10. Бир ЖОЖдон экинчи ЖОЖго билим алуусун улантуу үчүн которуу, анын ичинде бул которуу окутуунун бардык формасы боюнча бир адистиктин/багыттын негизги билим берүү программасынан башкасына өтүү, ошондой эле аларды алмаштыруу менен коштолсо, студентти которуу анын жеке арызы боюнча ишке ашат (1-тиркеме).

Арыз студентти аттестацияга киргизүү жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн ректорго (проректорго) жиберилет. Арызга зачеттук китепченин көчүрмөсү (соңунда академиялык маалымкат менен текшерилет) тиркелет. Кредиттерди Которуунун жана Топтоонун Европа Системасын (ECTS) колдонгон ЖОЖдор үчүн транскрипт (баалоо баракчасы) тиркелет.

11. Студентти которуу аттестациянын негизинде ишке ашат. Студентти аттестациялоо аттестациялык комиссия тарабынан зачеттук китепчесинин көчүрмөсүн (транскрипт), баалоо баракчасын карап чыгуу менен жүргүзүлөт. Аттестациялык комиссия окуу иштери боюнча проректор (комиссиянын төрагасы), факультеттин деканы (бүтүрүүчү кафедранын башчысы) билим берүү программасынын жетекчиси жана окуу бөлүмүнүн, студенттик кадрлар бөлүмүнүн кызматкерлери/офис каттоочусунун (комиссиянын катчысы) курамында түзүлөт.

Аттестациялык комиссия студенттин арызын арыз берген күндөн тартып 10 күн аралыгында, бирок окуу башталганга чейин карап чыгуусу керек. Эффективдүү иштерди уюштуруу үчүн ЖОЖдо аттестациялык комиссиялар тектеш адистиктер жана багыттар боюнча түзүлүшү керек.

12. Айрым дисциплиналар студентке кайрадан зачеттолбосо же окуу пландарында окутулбаган дисциплиналардан айырма болуп калган учурда, аттестациянын жыйынтыгы менен студент аларды тапшырышы, башкача айтканда академиялык айырманы жоюшу керек. Бул үчүн кабыл алуучу ЖОЖ студенттин жекече окуу планын иштеп чыгып, бекитиши керек. Анда окутууга тийиштүү дисциплиналардын тизмеси (же алардын бөлүмдөрү), алардын көлөмү жана экзамен/зачетторду тапшыруунун белгиленген мөөнөтү берилет. Академиялык айырма ошол академиялык жылдын ичинде жоюлушу керек.

13. Окутуунун кредиттик технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн академиялык айырма транскрипт/баалоо баракчаларынын негизинде окутулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен алынган кредиттерге ылайык белгиленет. Академиялык айырма кредиттерде (зачеттук бирдигинде) аныкталып, студенттин жекече окуу планына кошумча киргизилет.

14. Которууда жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык, анын ичинде милдеттүү базалык дисциплиналар студент тарабынан окутулган көлөмдө кайрадан зачет алынат. Студентти мурда билим алган ошол эле негизги билим берүү программасына, же тектеш негизги билим берүү программасына башка ЖОЖго которууда, аны менен катар ЖОЖ тарабынан бекитилген (мамлекеттик компонент) математикалык, жалпы табигый илимдер дисциплиналарынан жана бардык дисциплиналардын студенттин тандоосу менен кайрадан зачет алынат.

Студентти мурда билим алган ошол эле негизги билим берүү программасына, же тектеш негизги билим берүү программасына которууда академиялык айырманы тапшырууга төмөндөгүлөр кирет:

- математикалык жана жалпы табигый илимдер, жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүмдөгү адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма чегинен ашса, анын алкагында ЖОЖ дисциплиналардын көлөмүн өзгөртүүгө (10-20%) укуктуу;

- жалпы кесиптик жана атайын дисциплиналар боюнча тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентине тиешелүү бөлүмдөгү адистиктердин/багыттардын окуу пландарындагы айырма.

Студентти тектеш эмес негизги билим берүү программасына которууда тапшырууга тийиштүү (академиялык айырманы жоюу) дисциплиналардын тизмеси, окутуунун кредиттик технологиясын колдонбогон ЖОЖдор үчүн 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Окутуунун кредиттик технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн тапшырууга тийиштүү (академиялык айырманы жоюу) дисциплиналардын тизмеси зачеттолгон кредиттердин (зачеттук бирдиктердин) негизинде аныкталат, мында кабыл алуучу ЖОЖ билим берүү программасынын мазмунуна жараша (багыттын/адистиктин маалымат пакети) валидирлейт/эсепке алат. Жалпы академиялык айырма 30 кредиттен ашпайт. (*КР кредиттик технологияларды пайдалануу боюнча нормативдер жыйнагы-Бишкек 2016-ж.*).

15. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча аттестациялык комиссия жыйындын протоколун даярдайт (2-тиркеме).

16. Которуу жөнүндө (студенттин бекитилген жекече окуу планы бар болгондо) маселе оң жагына чечилсе, кабыл алуучу ЖОЖ студентке белгиленген үлгүдөгү маалымкат берет (3-тиркеме). Берилген маалымкатты студент окуп жаткан жогорку окуу жайга көрсөтөт жана которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгаруу жана которулгандыгына байланыштуу академиялык маалымкат, өздүк делосунан ЖОЖго кабыл алынууга негиз болгон билими тууралуу документти берүүсү тууралуу арызы менен кайрылат. Көрсөтүлгөн маалымкаттын жана арызынын негизинде ЖОЖдун ректору арыз берген күндөн тартып 10 күн аралыгында аны окуудан чыгаруу туурасында төмөндөгүдөй формулировкадагы буйругун чыгарат: "... ЖОЖго которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгарылды". Студенттин өздүк делосунан анын колуна ЖОЖго кабыл алынууга негиз болгон билими тууралуу документи (мындан ары - билими тууралуу документ), ошондой эле белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкаты берилет. Өздүк делодо ырастаган билими тууралуу документинин көчүрмөсү жана которулгандыгына байланыштуу окуудан чыгарылгандыгы туурасында буйруктун көчүрмөсү, ошондой эле студент тапшырган студенттик билет жана зачеттук китепче калат.

17. Студентти университетке которулгандыгына байланыштуу кабыл алуу жөнүндө буйрук ректор тарабынан билими тууралуу документ жана академиялык маалымкат алынгандан кийин (тиешелүү окуу болумчөсүнүн жетекчиси зачеттук

китепченин/транскриптин/ баалоо баракчасынын көчүрмөсүн академиялык маалымкатка туура келгендигин текшерет), чыгарылат. Алар арыз ээсинин өздүк делосуна тиркелет. Документтерди кабыл алганга чейин ЖОЖдун ректору өзүнүн буйругу менен студентти сабактарга киргизүүгө укуктуу. Кабыл алуу жөнүндө буйрукта төмөндөгүлөр жазылат: "Которуу тартибинде ... ЖОЖдон. ... адистигине (багытына),... курска.... окутуунун ... формасына кабыл алынды".

Эгер аттестациянын жыйынтыгы боюнча академиялык айырманы жоюунун зарылдыгы келип чыкса, которуу жөнүндө буйрукта студенттин жекече окуу планын бекитүү боюнча жазуу болууга тийиш.

18. ЖОЖдо студенттин жаны өздүк делосу жасалып, каттоого алынат, ага которулуу туурасында арызы, академиялык маалымкат, билими тууралуу документ жана которуу тартибинде кабыл алуу жөнүндө буйруктун көчүрмөсү, ошондой эле окутуу үчүн чыгашаларды толук компенсациялоо жөнүндө келишим киргизилет. Которулган студентке студенттик билет, зачеттук китепче тапшырылат.

Академиялык маалымкаттан кайра зачет алынган дисциплиналар (дисциплиналардын болүмдөрү), практикалар, курстук долбоорлор (иштер), ошондой эле академиялык айырмаларды жоюу тууралуу жазуулар белгиленген тартипте студенттердин зачеттук китепчелерине/транскриптерге жана башка каттоо документтерге бааларды (зачетторду) коюу менен киргизилет.

3. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ичинде студенттерди которуунун тартиптери

19. Ош МПУнун ичинде студенттин бир негизги билим берүү программасынан башка (анын ичинде окутуу формасын алмаштыруу) программага өтүүсү, семестрдин аяктапышы менен студентти кызыктырган адистиктин тиешелүү курсунда ваканттык орун болгон учурда бул тартипке ылайык (16 жана 17-пункттарын кошпогондо) студенттин жеке арызы жана зачеттук китепчесин/транскрипти көрсөтүүнүн негизинде ишке ашат.

Студенттин бир негизги билим берүү программасынан башка программага өтүүсүндө Ош МПУнун ректору төмөндөгү формулировка менен буйрук чыгарат: "... адистиги (багыты) боюнча .... курстан .... адистиги (багыты) .... боюнча .... курска которулду".

Өтүү боюнча буйрукта тиешелүү окуу материалын тапшыруу (академиялык айырманы жоюу) боюнча студенттин жекече планын бекитүү жөнүндө жазуу камтылышы мүмкүн.

Буйруктун көчүрмөсү студенттин өздүк делосуна киргизилет.

20. Студенттин студенттик билети жана зачеттук китепчеси/транскрипти сакталып, ага ректордун (проректордун) колу жана ЖОЖдун мөөрү менен тастыкталган тиешелүү өндоолорду киргизүү менен, окуу пландарындагы айырманы тапшыргандыгы жазылат. ЖОЖ тарабынан студенттин жаңы жекече карточкасы жасалат.

21. Эгер студент уюм менен келишимде окутулуп жаткан болсо, анын которулушуна уюмдун алдын-ала макулдугу керек.

4. Студенттерди окуудан чыгаруу

22. Студент Ош МПУдан оз демилгеси боюнча жеке арызынын негизинде ректордун буйругу менен чыгарылат (4-тиркеме):

- оз каалоосу менен (конкреттүү себептерин корсотпостон);

- башка ЖОЖго которулгандыгына байланыштуу;

- оорусуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалымкатынын негизинде);

- үй-бүлөлүк шартка байланыштуу.

23. Администрациянын демилгеси менен окуудан чыгаруу тиешелүү окуу болумчосүнүн жетекчисинин билдирүүсү боюнча ректордун буйругу менен жүзого ашырылат (5-тиркеме):

- академиялык карыздары үчүн;

- окуу дисциплинасын бузгандыгы үчүн (окуу процессинин графигин аткарбагандыгы, Ош МПУ менен байланышты үзгондугү, моонөтү аяктагандан кийин академиялык оргүүдон кайтпагандыгы үчүн); ички тартип, жатаканада жашоо эрежелерин бузгандыгы үчүн;

- мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынан отпогондугуно байланыштуу;

- мыйзамга туура келбеген аракеттерди кылгандыгы үчүн сот окумүнүн мыйзамдуу күчүно киргенден кийин студент эркинен ажыратылса же окууну улантууга мүмкүн болбогон башка жазага тартылганда;

- окутууга болгон чыгашаларды толой албай калган учурда.

Администрациянын демилгеси менен окуудан чыгарууда студентке окуудан чыгуунун себептери жана моонөттөрү жонүндо жазуу жүзүндо милдеттүү түрдо кабарланат.

24. Студентти окуудан чыгарууда ага билими тууралуу документинин түп нускасы жана анын суроосу боюнча белгиленген үлгүдогү академиялык маалымкат берилет.

5. Студенттердин катарына калыбына келтирүү

25. Калыбына келтирүү семестрдин аякталышы менен тиешелүү курста студентти кызыктырган адистик/багыт боюнча орун болсо, студенттин жеке арызы менен (6-тиркеме) жана академиялык маалымкатты корсотүү менен жүзого ашат. Ошол эле ЖОЖдо мурда окуудан чыгарылган студентти кайрадан калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү студенттин окуу карточкасынын/транскриптинин негизинде каралат.

26. Аттестация аттестациялык комиссия тарабынан академиялык маалымкатты карап чыгуу жолу менен жүргүзүлөт.

Курсту аныктоодо окуу пландарындагы айырма, 7 дисциплинадан ашпоого тийиш. Бул үчүн кабыл алуучу ЖОЖ студенттин жекече окуу планын иштеп чыгып, бекитиши

керек, анда окутула турган дисциплиналардын (же алардын бөлүмдөрүнүн) тизмеси, алардын көлөмү жана экзамен/зачет тапшыруунун белгиленген мөөнөтү каралышы керек. Академиялык айырма ошол академиялык жыл ичинде жоюлушу зарыл.

27. Окутуунун кредиттик технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн академиялык айырма алынган кредиттерге ылайык транскрипт/баалоо баракчасынын негизинде окутулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен белгиленет. Академиялык айырма кредиттери (зачет бирдиктери) менен аныкталып, студенттин жекече окуу планына кошумча киргизилет.

Аттестациянын жыйынтыгы менен аттестациялык комиссия жыйындын протоколун даярдайт (2-тиркеме).

Калыбына келтирүү жөнүндө маселе оң жагына чечилсе калыбына келтирүүгө байланыштуу окууга кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарылат.

28. Эгер окуудан чыгарылганга чейин студент ЖОЖдо эки семестрден аз окуган болсо, анда ал окуунун улантуу үчүн калыбына келтирүү укугуна ээ болбойт.

29. Тиешелүү окуу бөлүмчөсү тарабынан студенттин жаңы өздүк делосу жасалып, ага калыбына келтирүү жөнүндөгү арызы, академиялык маалымкаты, билими тууралуу документи, калыбына келтирүү тартибинде окууга кабыл алуу жөнүндөгү буйруктун көчүрмөсү, жекече окуу планы киргизилет. Студентке студенттик билет жана зарыл болсо, зачеттук китепче тапшырылат.

30. Мамлекеттик аккредитацияга ээ эмес ЖОЖдон чыгарылган студент Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө Жобосунун ылайык башка ЖОЖго калыбына келтирилиши мүмкүн.

1-тиркеме

_____
(ЖОЖдун аталышы)

ректору _____
(аты-жөнү)

_____
(арыз берүүчүнүн аты-жөнү)

Арыз

Мени_____дан "_____"
(ЖОЖдун аталышы)
адистигинин (багытынын) "_____" - курсунун
_____
(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)
Окутуу формасынан "___" адистигине (багытына) _____курска окутуунун
_____формасы
боюнча_____
(көрсөтүңүз: күндүзгү, сырттан, кечки)
кабыл алууңузду суранамын.

Датасы "___"_____20__-ж. Колу _____

2-тиркеме

Жыйындын протоколунан көчүрмө

_____

(ЖОЖдун бөлүмүнүн аталышы)

Аттестациянын негизинде _____

(аты-жөнү)

_____

(адистиктин же багыттын аталышы)

Адистигинин (багытынын) _____-курсуна которулушу мүмкүн (которулбайт) жана төмөндөгү дисциплиналар боюнча кайрадан зачет алынышы мүмкүн:

№	Дисциплинанын аталышы	Саттардын (зачет бирдигинин) көлөмү	Контролдоо формасы
1	2	3	4
1			
2			
3			

Академиялык айырма _____ дисциплинаны түзөт.

(саны сөрөтүлөт)

№	Дисциплинанын аталышы	Сааттардын (зачет бирдигинин) көлөмү	Контролдоо формасы	Жоюу мөөнөтү
1	2	3	4	5
1				
2				
3				

Жетекчинин колу

"_____" _____ 20_-ж.

3-тиркеме

Берүү датасы _____
Каттоо номери _____

МААЛЫМКАТ

Берилди _____,
(аты-жөнү толугу менен)

ал жеке арызынын жана _____
(ЖОЖдун аталышы)

тарабынан берилген (_____
(зачеттук китепчени берүү датасы)

_____)
жана каттоо номери)

зачеттук китепчесинин көчүрмөсүнүн негизинде аттестацияга киргизилип, аны ийгиликтүү тапшырды.

Бул адам _____
(жогорку кесиптик билим берүү багыттардын жана

_____
адистиктердин колдонуудагы классификаторуна ылайык аталышы)

даярдоо (адистик) багыты боюнча негизги билим берүү программасы боюнча билим алууну улантуу үчүн билими тууралуу документин жана академиялык маалымкатын көрсөткөндөн кийин которуу жолу менен кабыл алынат.

Ректор _____
(колу)

4-тиркеме

_____
(ЖОЖдун аталышы)

ректору _____
(аты-жөнү)

_____
(тобу, курсу)

_____дан
(аты-жөнү толук жазылат)

Арыз

Мени «_____» адистигинин (багытынын)
(адистиктин же багыттын аталышы)

_____-курсунун_____ окутуунун
(көрсөтүлүүгө: күндүзгү, сырттан, кечки)

формасынан _____
(себебин көрсөтүү)

байланыштуу окуудан чыгарууңузду суранамын.

Датасы _____ Колу _____

5-тиркеме

_____
(ЖОЖдун аталышы)

ректору _____
(аты-жөнү)

Билдирүү

_____ адистигинин (багытынын)
(адистигинин же багытынын аталышы)

_____-курсунун _____ окутуунун формасынын студенти
(көрсөтүлүүгө: күндүзгү, сырттан, кечки)

_____ байланыштуу окуудан
(аты-жөнү) (себебин көрсөтүү)

чыгарууну суранамын.

Тиешелүү структуралык түзүмдүн жетекчисинин колу _____

"_____" _____ 20__-ж.

6-тиркеме

_____
(ЖОЖдун аталышы)

ректору _____
(аты-жону)

Арыз

Мен _____ адистигинин (багытынын)
(адистиктин же багыттын аталышы)

_____-курсунун окутуунун _____ формасынан
(көрсөтүнүз: күндүзгү, сырттан,кечки)

" _____ "
(чыгаруунун себеби көрсөтүлөт)

байланыштуу окуудан чыгарылганмын.

Мени "_____" адистигине (багытына)
(адистиктин же багыттын аталышы)

окутуунун _____ формасына
(көрсөтүнүз: күндүзгү, сырттан, кечки)

калыбына келтирүүгө уруксат берүүңүздү суранамын.

Датасы: "____" _____ 20__-ж. Колу _____

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин атайын орто кесиптик билим берүү боюнча студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун, окууга калыбына келтирүүнүн жана академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун, окууга калыбына келтирүүнүн жана академиялык өргүү берүүнүн тартиби жөнүндө Жобосунун негизинде иштелип чыкты.

2. Бул Жобо А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин колледжинде (мындан ары – Ош МПУнун колледжи) студенттерди кесиптик орто билим берүүчү бир окуу жайдан башка окуу жайга же негизги окуу программасынан башка окуу программасына, анын ичинде окуу жайдын ичинде которуунун, ошондой эле окуудан чыгаруунун, кайра кабыл алуунун тартибин белгилейт;

- Ош МПУнун колледжинде орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүүчү программасында окуп жаткан студенттерди окуудан чыгарууга, кайра кабыл алууга жана окуу жайга которууга карата колдонулат;

- академиялык өргүү берүүнүн тартибин аныктайт.

3. Бул жобо, эгер студент которулуп жаткан окуу жай (мындан ары баштапкы окуу жайы) жана студент которулуп барчу окуу жай (мындан ары кабыл алуучу окуу жайы) мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар болсо, окуу жайлардагы студенттердин которулуу жол-жобосун жөнгө салат.

4. Бардык окуу жайларда, окуу жайдын уюштуруу-укуктук түзүлүшүнө (ведомстволук тиешесине же менчиктин формасына, карабастан студенттерди биринчи жана акыркы курстарда которууга жана кайра кабыл алууга жол берилбейт.

Эгер студенттин ишкана, мекеме, уюм же жеке жак менен түзгөн келишими бар болсо, анда анын башка окуу жайына которуудан же бир адистиктен башка адистикке которуудан мурда келишим өзгөртүлүшү керек.

5. Студентти кесиптик орто билим берүүчү бир окуу жайдан экинчи бир окуу жайга которуу же окууга кайра кабыл алуу, эреже катары, жайкы жана кышкы каникул учурунда жүргүзүлөт.

Студенттерди баштапкы окуу жайдан кабыл алуучу окуу жайга которуу процессинде алардын жетекчилери студенттерден бюджетте окугандык үчүн акы төлөөнү талап кылбашы керек.

Студенттерди ошол эле окуу жайда бир адистиктен башка адистикке, окутуунун бир формасынан башка формасына которуу жана кайра кабыл алуу окуу жайдын педагогикалык кеңешинин чечими менен ишке ашырылат.

6. Студенттерди мамлекеттик эмес бир окуу жайдан мамлекеттик эмес экинчи бир окуу жайга которуунун жана окууга кайра кабыл алуунун тартиби алардын уставдарына жана ушул Жобого ылайык аныкталат.

7. Акы төлөө негизинде окуган студенттерди мамлекеттик бюджеттин эсебинен (гранттар боюнча) орундарга которууга болбойт.

2. Которуунун жана кайра кабыл алуунун тартиби

7. Студенттерди которуу студенттин өзүнүн каалоосу менен, сынак китепчесинин көчүрмөсүн кароо, аңгемелешүү же кабыл алуучу окуу жай аныктоочу башка формада өткөрүлгөн аттестациянын жыйынтыгына жараша, бош орундарга ишке ашырылат.

Студент аттестациялык сыноодон өтүү үчүн кабыл алуучу окуу жайга аны кабыл алуу жөнүндө өзүнүн атынан арыз жазып, сынак китепчесинин көчүрмөсүн кошуп тапшырат. Арызда студент которулгусу келген курс, адистик, окутуунун формасы жана базасында студент кесиптик орто билим алып жаткан баштапкы билим берүүчү окуу жай көрсөтүлөт.

Эгерде бош орундардын саны которулууну каалаган студенттер берген арыздардын санынан аз болсо анда, кабыл алуучу окуу жай окууну улантуучу жакшы даярдыктагы адамдарды тандоо үчүн аттестациялык сыноо жыйынтыгына жараша конкурстун негизинде тандоо жүргүзөт.

8. Студентти которууда аны баштапкы окуу жайда окуган адистикке жана окуу түрүнө которууга болот, ошондой эле, башка дагы тектеш адистикке жана (же) башка окуу түрүнө которууга болот.

9. Бюджеттик каражаттын эсебинен каржыланчу орунга которгондо студенттин жалпы окуу мөөнөтү кабыл алып жаткан окуу жайдын адистик боюнча негизги кесиптик окуу программасынын окуу планында белгиленген мөөнөттөн бир окуу жылдан ашпоого тийиш.

10. Бюджеттик каражаттын эсебинен каржыланчу бош орундардын саны ошол жылдагы кабыл алуунун контролдук цифралары менен бюджеттик каражаттын эсебинен окуп жаткан студенттердин санынын ортосундагы айырма катары аныкталат.

Эгер бюджеттик каражаттын эсебинен каржыланган бош орундар бар болсо, анда кесиптик орто окуу жай бюджеттик каражаттын эсебинен окуп жаткан студентке жеке жана юридикалык жактар менен келишимдин негизинде акы төлөп окууга которулууну сунуштаганга укугу жок.

11. Которулуу маселеси аттестациялык сыноонун жана конкурстук тандоонун жыйынтыктарында ийгиликтүү чечилсе кабыл алуучу окуу жай студентке ушул Жобонун тиркемесине көрсөтүлгөн формадагы маалымкат берет.

Студент бул маалымкатты баштапкы окуу жайына тапшырат, ошондой эле башка окуу жайга которулуп жатканына байланыштуу окуудан чыгаары жана академиялык маалымкат берүүсүн жана кесиптик орто билим алып жатышына негиз болгон билими тууралуу күбөлүктүн түп нускасын берүүсүн суранып арыз (мындан ары - билими тууралуу күбөлүк) берет.

Тапшырылган документтердин негизинде баштапкы окуу жайдын жетекчиси арыз берилген күндөн тартып 10 күндүн ичинде студенттин окуудан чыгарылуусу жөнүндө төмөнкү үлгүдө буйрук чыгарат:

"_____

(билим берүүчү уюмдун аталышы)

которулганына байланыштуу окуудан чыгарылды".

Мында студентке билими тууралуу күбөлүктүн түп нускасы (өздүк делосунан) жана белгиленген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет. Бул документтерди буларды алууга белгиленген формадагы ишеним каты бар адамга берсе болот.

Студент студенттик билетин жана сынак китепчесин өткөрөт.

Студенттин өздүк делосунда билими тууралуу күбөлүктүн, академиялык маалымкаттын билим берүүчү уюм ырастаган көчүрмөлөрү, которулганына байланыштуу окуудан чыгарылганы жөнүндө буйруктун көчүрмөсү, студенттик билети жана сынак китепчеси калат.

12. Студент окуу жайга билими тууралуу документин жана академиялык маалымкатты тапшырат. Мында аттестация үчүн берилген сынак китепчесинин жана академиялык маалымкаттын дал келүүсү текшерилет.

Ушул документтер тапшырылгандан кийин кабыл алуучу окуу жайдын жетекчиси студенттин которулуп келгени жөнүндө буйрук чыгарат. Документтер алынганга

чейин кабыл алуучу окуу жайдын жетекчиси студентти өзүнүн көрсөтмөсү менен сабактарга киргизүүгө укугу бар.

Которулганы тууралуу буйрукта төмөнкүдөй жазуу жазылат:

"_____которулуп келүү менен

(окуу жайдын аталышы)

_____ адистигине

(адистиктин аталышы)

орто кесиптик билим берүүнүн _____ деңгээлинде

(базалык, жогорку)

окуунун _____ формасына _____ курска кабыл алынды".

Кабыл алуучу окуу жайда студенттин өздүк делосу ачылып, каттоого алынат, анда которуу менен кабыл алуу жөнүндө арызы, академиялык маалымкаты, билими тууралуу документи, которуу менен окууга кабыл алуу жөнүндө буйруктун көчүрмөсү жана эгер студент акы төлөп окуй турган орунга которулса тийиштүү келишим да тиркелет.

Студентке студенттик билет жана сынак китепчеси берилет.

13. Академиялык айырмаларды жоюуда, эгерде студент практика иши (окуулук, өндүрүштүк ж.б.) курстук долбоорлоо же башка сабактар боюнча тапшыра элек болсо, студент аны кийин жоюу шарты менен окууга кабыл алынат.

14. Которууда жана окууга кайра кабыл алууда окуу жай окуу пландарындагы жана программаларындагы академиялык айырмаларды жоюу тартибин жана убакытын белгилейт.

15. Студент ошол эле, буга чейин окуган негизги окуу программасына же ушуга тектеш окуу программасына которулганда төмөнкүдөй окуу программалардан айырмалар тапшырылат:

адистик боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын мамлекеттик компонентин берүүдө методикалык ыкмалардын айырмасына байланыштуу окуу планында болгон айырмалар;

- кесиптик орто окуу жай белгилеген сабактардан берилүүчү айырма.

16. Студент негизги окуу программасына эле которулганда тапшырылчу сабактардын (академиялык айырманы жоюунун) саны, эреже катары, жети сабактан ашпоого тийиш.

17. Студент которулуп кетип жаткан кооздо өзүнүн тандоосу боюнча окуган сабактарды окуу жай кошумча аттестациясыз зачет кылат.

18. Кесиптик орто окуу жайдан окуудан чыгарылган студенттер чыгарылган себебине жана жылына карабастан академиялык карызын кийин жоюу менен кайра окууга кабыл алынууга укуктуу.

19. Студенттерди бир кесиптик орто окуу жайдан экинчи бир кесиптик орто окуу жайга кайра калыбына келтирүү аттестациялык сыноонун жыйынтыгына жараша коождун жетекчисинин буйругу менен бош орундарга ишке ашырылат. Мында кайра кабыл алуу жөнүндө арызга билими тууралуу күбөлүк жана академиялык маалымкат кошо тиркелет.

3. Студенттердин окуудан чыгарылышы

20. Студент Ош МПУнун Колледжинен төмөнкү учурларда окуудан чыгарылышы мүмкүн:

- өз каалоосу менен;

- башка окуу жайга которулганына байланыштуу;

- ден соолугуна байланыштуу;

- академиялык жетишпегендиктен (кышкы жана жайкы сессиянын жыйынтыгына жараша);

- келишимдин шарттарын бузганда (акы төлөп окугандар үчүн);

- окуу жай менен байланышы үзүлсө;

- Ош МПУнун уставын бузганда;

- окуу жайдын ички тартибин бузганда;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузганда.

21. Студенттин өз каалоосу менен окуудан чыгышы, студент арыз берген күндөн тартып бир айдан ашпаган мөөнөттө ишке ашырылат.

22. Академиялык жетишпегендиги үчүн төмөнкүдөй студенттер окуудан чыгарылат:

- сессияда үч же андан ашык сабактан экзаменди тапшырбаса;

- академиялык карыздарын белгиленген мөөнөттө жойбосо;

- мамлекеттик аттестациялык экзамендин биринен канааттанарлык эмес деген баа алса.

23. Студентти Ош МПУнун уставында жана окуу жайдын ички тартибинин эрежелеринде белгиленген милдеттерди бузганы үчүн окуудан чыгаруу андан түшүнүк кат алгандан жана кызматтык иликтөө иштери жүргүзүлгөндөн кийин ишке ашырылат.

Студентти окуудан чыгарууга чейин тартиптик жазалоо, студент ооруп калган жана (же) каникулда болгон убактарды эсепке киргизбестен анын жосуну билинген күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен ишке ашырылат.

24. Студентти окуу жайдан чыгарып жатканда ага өздүк делосундагы билими тууралуу документинин түп нускасы берилет да, делосунда академиялык маалымкаттын окуу жай күбөлөндүргөн көчүрмөсү калат.

Академиялык маалымкат катуу отчеттук иш кагаз болуп эсептелет жана берип жатканда каттоого алынат.

4. Академиялык өргүү

25. Академиялык өргүү - бул кесиптик орто билим берүүчү уюм тарабынан студентке ден соолугуна, бала төрөлгөнүнө, аскерге чакырылганына байланыштуу жана үй-бүлөлүк шартына, окуусун улантууга мүмкүн болбогон башка шарттарга, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарга байланыштуу берилчү өргүү.

Биринчи курстун студенттерине академиялык өргүү медициналык корутунду боюнча гана берилет.

26. Академиялык өргүү бир жылдык (12 календардык ай) мөөнөткө жана окуу мезгилинин ичинде бир жолу гана берилет.

27. Студентке медициналык көрсөткүчтөрү боюнча академиялык өргүү берүү мүмкүндүгү жөнүндө корутундуну студент туруктуу кароосунда турган жердеги мамлекеттик саламаттык сактоо мекемеси, анын ичинде студенттик поликлиника берет. Мында ооруунун диагнозу медициналык корутундуга пациенттин макулдугу менен гана жазылат. Студенттерди медициналык тейлөөнү саламаттык сактоо пункту тейлеген учурларда медициналык корутунду ушул саламаттык сактоо пункту структурасына кирген мамлекеттик саламаттык сактоо мекемеси берсе болот.

28. Студентке академиялык өргүү берүү чечимин билим берүү уюмунун жетекчиси чыгарат. Мындай буйрук чыгаруунун негизи болуп:

- медициналык көрсөткүчтөр боюнча - студенттин арызы жана мамлекеттик саламаттык сактоо мекемесинин корутундусу;

- кээ бир өзгөчө учурларда - студенттин арызы жана академиялык өргүү алуунун себебин тастыктаган тийиштүү документ.

Медициналык-реабилитациялык эксперттик комиссиянын корутундусу бар болсо студент сөзсүз окууга киргизилиши керек. Мындайда студент кайсы семестрде окуудан кетсе, ошол семестрден баштап окуусун улантууга укугу бар.

Академиялык өргүүдөн келген студентти медициналык корутундуга ылайык окууга кабыл алынуусу тууралуу буйруктун негизи болуп, студенттин өз атынан жазылган арызы жана көрүнүп жүргөн жердеги мамлекеттик саламаттык сактоо мекемесинин корутундусу эсептелет.

29. Бюджеттик каражаттын эсебинен окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерге академиялык өргүү берүүнүн тартиби жана шарттары өкмөттөр аралык жана ведомстволор аралык макулдашуулардын шарттарына ылайык аныкталат.

Келишимге ылайык акы төлөп окуган чет өлкөлүк студенттерге академиялык өргүү берүүнүн тартиби жана шарттары келишимдин шарттары менен аныкталат.

Берилген күнү

жана каттоо номери

МААЛЫМКАТ

Берилет _____

(фамилиясы, аты, атасынын аты (толугу менен)

өзүнүн атынан жазылган арыздын жана сынак китепчесинин негизинде _____

_____

(сынак китепчесинин берилген күнү жана катталган номери)

_____ берилген

(сынак китепчесин берген окуу жайдын топук аталышы)

аттестациялык сыноолордон ийгиликтүү өттү жана _____

_____ адистиги боюнча

(адистиктин аталышы)

кесиптик орто билим берүүчү негизги программада билим алуусун улантуу үчүн билими тууралуу документин жана академиялык маалымкатын тапшыргандан кийин которуу жолу менен окууга кабыл алынат.

Жетекчи _____ (колу)